Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин «24» декабры 2025-жылдагы № 384 буйругуна
3-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын президиумунун иш регламенти**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Регламент Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын президиумунун (мындан ары – президиум) ишин уюштуруу тартибин аныктайт.
2. Президиум Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын (мындан ары – ЖАК) жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо маселелери боюнча башкы илимий-консультациялык органы болуп саналат.
3. Президиум өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана мыйзамга караштуу актыларын, башка ченемдик укуктук актыларын, анын ичинде ушул Регламентти жетекчиликке алат.
4. Президиумдун мүчөлөрүнүн жеке курамы министрдик орун басары – ЖАКтын төрагасынын (мындан ары – ЖАКтын төрагасы) сунуштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин буйругу менен үч жылдык мөөнөткө, кийин курамын үчтөн биринен кем эмесин жаңылоо менен бекитилет.Зарыл учурда курамга белгиленген мөөнөттөн мурда өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.
5. Президиум 35тен кем эмес мүчөдөн түзүлөт, ага ЖАКтын төрагасы, төраганын орун басары жана башкы окумуштуу катчы, ошондой эле илимдин доктору окумуштуулук даражасы жана профессордун окумуштуулук наамы бар жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрлар кирет.
6. ЖАКтын төрагасы президиумдун төрагасы болуп саналат, ал жок учурда отурумдарды ЖАКтын төрагасынын орун басары өткөрөт. Президиумдун төрагасы болуп ЖАКтын төрагасы саналат. Президиумдун техникалык катчысы ЖАКтын төрагасынын буйругу менен окумуштуулук даражасы бар жактардын ичинен дайындалат.

## 2. Президиумдун ишин уюштуруу

7. Президиум:

– жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндө сунуштарды иштеп чыгууга катышат;

- жыл сайын корголгон диссертацияларга талдоо жүргүзөт;

- илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңештердин отурумуна добуш берүү укугу менен катышат;

- жогорку окуу жайлардын жана илимий-изилдөө мекемелеринин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн аттестациялоо жүргүзүү боюнча комиссиянын мүчөсү болуп саналат;

- ЖАКтын рецензиялануучу илимий мезгилдүү басылмаларынын тизмегине киргизүү үчүн журналдарды сунуштайт, алардагы жарыялоолор жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоодо эске алынат;

- ал боюнча окумуштуулук даражалар ыйгарылган Илимий адистиктердин номенклатурасына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү маселелерин карайт;

- ЖАКтын төрагасынын тапшырмасы боюнча илимий адистиктердин паспортторуна экспертиза жүргүзөт;

- окумуштуулук наамдар ыйгарыла турган адистиктердин тизмегине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү маселелерин карайт;

- ЖАКтын төрагасынын тапшырмасы боюнча жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоого байланышкан башка иш-милдеттерди аткарат.

8. Президиумдун мүчөсүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

– арызы боюнча;

– Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министринин демилгеси боюнча;

– президиумдун отурумдарына жүйөлүү себептерсиз эки жолудан ашык катышпаганда;

- диссертациялык кеңештин отурумдарына жүйөлүү себептерсиз эки жолудан ашык катышпаганда;

- жарандыктан чыкканда, башка мамлекеттин жарандыгын алганда;

- туруктуу жашоо үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары чыгып кеткенде;

- сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылганда;

- ага карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

- эрежелерди жана адеп-ахлак ченемдери бузулганда ЖАКтын төрагасынын чечими менен;

- оорунун айынан же көзү өтүп кеткендигине байланыштуу

ыйгарым укуктарын аткарууга мүмкүн эмес болгондо.

9. Президиумдун отурумдары зарылдыгына жараша өткөрүлөт.

10. Президиумдун отуруму анын тизмесиндеги курамынан мүчөлөрдүн үчтөн биринен кем эмеси (анын ичинде онлайн) катышкан шартта укуктуу болот .

11. Күн тартибине киргизилген маселелер президиумдун отурумунда ЖАКтын башкы окумуштуу катчысы тарабынан баяндалат. Президиумдун отурумдарынын протоколун жүргүзүү президиумдун техникалык катчысы тарабынан камсыз кылынат.

12. Президиумдун төрагасынын чечими менен отурумга диссертациялык кеңештердин төрагалары, апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрү жана отурумда коюлган маселелердин мааниси боюнча түздөн-түз тиешеси бар башка жактар чакырылышы мүмкүн.

13. Президиумдун чечимдери электрондук жашыруун добуш берүү (анын ичинде онлайн) аркылуу кабыл алынат. Президиумдун мүчөлөрүнүн добуш берүүсү электрондук добуш берүү системасы аркылуу жүргүзүлөт.

14. Президиумдун чечимдери, эгерде аларга президиумдун катышып жаткан мүчөлөрүнүн жарымынан көбү добуш берсе, кабыл алынган болуп саналат. Эгерде президиумдун мүчөлөрүнүн чечимди кабыл алууга макул жана каршы добуштары тең чыгып калса, ЖАКтын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

15. Президиумдун чечими же анын бөлүгү менен макул эмес болгон президиумдун мүчөсү өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу түрүндө билдирүүгө укуктуу,а л президиумдун чечимине тиркелет.

16. Президиумдун отурумдарынын протоколдору отурум өткөрүлгөн күндөн тартып он күндүк мөөнөттө президиумдун техникалык катчысы тарабынан тариздfestival, ага президиумдун төрагасынын (төрагалык кылуучунун) кол тамгасы коюлат.

17. Президиумдун чечимдери күн тартибинин ар бир маселеси боюнча, ЖАКтын бланктарында тариздfestival.